ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин
Окумуштуулар Кеңешинин кезектеги жыйынынын

**№1 ПРОТОКОЛУ**

*25-сентябрь, 2019-жыл.*

*Төрага:* У.А. Сопуев
*Окумуштуу катчы:* Н.А. Абдирайимова
*Катышкандар*: Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү – 33 мүчөсүнөн 25 мүчөсү бар. Кворум бар (каттоо барагы тиркелет).

*Күн тартиби:*
1. 2019-2020-окуу жылына карата математика жана информациялык технологиялар факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин иш планын бекитүү (*баяндамачы: МИТ факультетинин деканы, доцент У.А. Сопуев*);
2. Ар түрдүү маселелер.

**Угулду**: МИТ факультетинин деканы У.А. Сопуев күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды.
Окумуштуулар Кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту. Регламент боюнча 1-маселеге 7-15 минутага чейин жана 2-маселе боюнча 5-8 минутага чейин убакыт, ал эми талкууларга 5 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдооого алынды.

**1-маселе**
**Угулду:**

*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* 2019-2020-окуу жылына карата факультетибиздин бардык кафедраларынын жана структура башчыларынын иш пландары даярдалып, кафедралардын чечимдери менен бекитилген. Алардын негизинде Окумуштуулар Кеңешинин иш планын түзүлдү. Бул иш план алдын ала кафедраларга таркатылган кошумча сунуш пикирлердин негизинде жасалды. Анда 2019-2020-окуу жылына карата математика жана информациялык технологиялар факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин иш планын бекитүүнү добушка коём.

Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан колдошту.

Биринчи маселе боюнча факультеттин деканы, доцент У.А. Сопуевдин маалымдоосун талкуулоонун жана аны негизинен жактыруу керек деген сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар Кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. 2019-2020-окуу жылына карата математика жана информациялык технологиялар факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин иш планын бекитилсин;
2. Окуу жылынын ичинде кырдаалга жараша иш планга айрым өзгөрүүлөр декандын буйрутмасы менен киргизилсин.

**2-маселе.**
**Ар түрдүү маселелер**

*а) Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* Факультеттин предметеринин кайталанбоосу (дублирование) боюнча комиссия түзүлүп, тиешелүү кафедраларга бөлүштүрүлдү. Ар бир кафедранын кафедра башчылары өз сунуштарын билдиришкен.

Ал боюнча комиссия иштеп, бир нече сунуш пикирлер айтылып, анын негизинде метод кеңештин чечими чыгарылды.

Бул маселе боюнча факультеттин деканы, доцент У.А. Сопуевдин маалымдоосун талкуулоонун жана аны негизинен жактыруу керек деген сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар Кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Жогорку математика кафедрасындагы 9-класстын базасындагы факультеттик жана университеттик деңгээлдеги математика предмети боюнча 1-2-семестрде окутула турган окуу жүктөмдөрү МИОТ жана ББМ кафедрасына өткөрүлүп, информатика кафедрасына информатика предметинен 24 кредит, ИТАС кафедрасына “Операциондук системалар”, “Коммуникация жана тармак”, “Информациялык системалардын архитектурасы”предметтеринен 23 кредит, программалоо кафедрасына “Берилгендер базасы” жана “Программалоо” предметтеринен 28 кредит окуу жүктөмдөрүн өткөрүлүп, матанализ кафедрасына “Информатика”, АиГ кафедраларынан “Оптимизациялоо методдору” (5 кр. КМИ багыты) “Комплекстик анализ” (ВК, ПЦ, 1-семестр, 4 кредит, Математика багыты), “Функционалдык анализ” (ГК, ПЦ, 1-семестр, 4 кр. Математика багыты), “Учурдагы дифференциалдык теңдемелердин актуалдуу проблемалары” (ГК, ПЦ, 2-семестр, 6 кр., Математика багыты) предметтери өткөрүлүп берилсин.
2. Комиссиянын чечими аткарылсын.

б) “Билимди баалоо системасы жөнүндө” жобону университеттин Окумуштуулар Кеңешине сунуштоо.

*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* “Билимди баалоо системасы жөнүндө” жобону программалоо кафедрасынын башчысы, ф.-м.и.д., проф. А.Сопуев 2018-2019- окуу жылында иштеп чыгып, ал жобо бекитилген. Бирок ишке кирбей калган. Бул жобо боюнча факультетте проф. А.Сопуев тарабынан бир нече семинарлар өткөрүлгөн. ЖОБОдогу (М1, М2, ЖТ, Сыйлык балл) модуль, экзамен алуунун варианттарын мисалдар менен (деңгээлдик тапшырмалар) түшүндүрүп берилген.

Бул окуу жылында азыркы иштелип чыккан ЖОБО боюнча баалоо системасын жүргүзсөк, баарыбыз (окутуучулар, студенттер, иш берүүчүлөр) үчүн ыңгайлуу болгону турат. Жобо боюнча ар кафедра бир нече сунуш пикирлерин беришкен, анын негизинде метод кеңештин чечими чыгарылган.

Жобону бекитип берүү жагы Окумуштуулар Кеңешинен суралды.

Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан колдошту.

Бул маселе боюнча факультеттин деканы, доцент У.А. Сопуевдин маалымдоосун талкуулоонун жана аны негизинен жактыруу керек деген сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар Кеңеши

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т:**

1) “Билимди баалоо системасы жөнүндө” ЖОБО сунуш-пикирлерди эске алуу кабыл алынсын.
2) “Билимди баалоо системасы жөнүндө” ЖОБОну бекитип берүү ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинен сунушталсын.

в) КРнын Жогорку Аттестациялык Комиссиясына педагогика боюнча доценттик наам алуу үчүн ИТАС кафедрасынын доценти Омаралиев Абдималик Чырмашовичти сунуштоо боюнча ИТАС кафедрасынан түшкөн сунушту талкуулоо.

**Угулду:** *Н. Абдирайимова (МИТ факультетинин окумуштуу катчысы):*

КРнын Жогорку Аттестациялык Комиссиясына педагогика боюнча доценттик наам алуу үчүн ИТАС кафедрасынын доценти Омаралиев Абдималик Чырмашовичти сунуштоо боюнча билдирүү келип түштү.

Омаралиев Абдималик Чырмашовичтин арызы, кафедранын чечими, Жогорку Аттестациялык Комиссиясынын талабына ылайык тиешелүү документтери бар.

**Сөзгө чыкты:**

*Сопуев У.А (факультеттин деканы, доцент):* Омаралиев Абдималик Чырмашович кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогондон кийин илимий-методикалык ишмердүүлүгүн улантууда. Илимий макалалары, окуу-усулдук колдонмолору жарыкка чыкты. Жалпы 40тан ашуун илимий жана окуу-усулдук эмгектердин автору. Ошол себептен КРнын Жогорку Аттестациялык Комиссиясына педагогика боюнча доценттик наам алуу үчүн сунуштаймын.

*М.Ш. Мамаюсупов (Жогорку математика кафедрасынын доценти):* Омаралиев Абдималик Чырмашович учурда ОшМУнун санариптик технологияларды өнүктүрүү борборунун директору кызматын жетектеп келет. Илимий-методикалык ишмердүүлүгү доценттик кызмат ордунун талаптарына жооп берет деп ойлойм. Ошондуктан КРнын Жогорку Аттестациялык Комиссиясына педагогика боюнча доценттик наам алуу үчүн мен дагы сунуштаймын.

Окумуштуулар Кеңешинин калган мүчөлөрү да жогорудагы пикирлерди бир добуштан колдошту.

**Ч Е Ч И М:**

1. КРнын Жогорку Аттестациялык Комиссиясына педагогика боюнча доценттик наам алуу үчүн ИТАС кафедрасынын доценти Омаралиев Абдималик Чырмашовичти сунушталсын.
2. Аны бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.

г) ОшМУнун ИТАС кафедрасынын башчысы, физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент Чамашев Марат Какаровичтин доктордук диссертациясынын темасын жана илимий кеңешчисин бекитүү жөнүндө.

**Угулду**: Н. Абдирайимова (МИТ факультетинин окумуштуу катчысы):

ИТАС кафедрасынан билдирүү келип түштү. Мында Чамашев Марат Какаровичтин доктордук диссертациясынын темасын жана илимий кеңешчисин бекитип берүү суралган.

Диссертациялык темасы - “Бир калыптагы мейкиндиктердин жана бир калыпта үзгүлтүксүз чагылтуулардын маанилүү класстары жөнүндө”.

Илимий кеңешчиси - физика-математика илимдеринин доктору, Улуттук Илимдер Академиясынын академиги Бөрүбаев Алтай Асылканович.

Чамашев Марат Какаровичтин арызы, илимий кеңешчисинин макулдугу, план-проспектиси, кафедранын чечими ж.б. тиешелүү документтери тиркелген.

ИТАС кафедрасынын башчысы, физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент Чамашев Марат Какаровичтин илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүндөгү жана аткарган иштери жөнүндөгү кыскача баяндамасы угулду.

**Сөзгө чыкты:**

*Сопуев У.А (факультеттин деканы, доцент):* ИТАС кафедрасынын доценти Чамашев Марат Какаровичтин доктордук диссертациясынын темасын жана илимий кеңешчисин бекитип берүү сунушун Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрүнө колго салалы.

Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү төраганын сунушун бир добуштан колдошту.

**Ч Е Ч И М:**

1. МИТ факультетинин ИТАС кафедрасынын доценти Чамашев Марат Какаровичтин «Бир калыптагы мейкиндиктердин жана бир калыпта үзгүлтүксүз чагылтуулардын маанилүү класстары жөнүндө» деген илимий темасы жана илимий кеңешчиси болуп физика-математика илимдеринин доктору, Улуттук Илимдер Академиясынын академиги Бөрүбаев Алтай Асылканович бекитилсин.
2. Бул чечимди бекитип берүү жагы университеттин Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.

Окумуштуулар Кеңешинин

төрагасы: Сопуев А.У

ДЕКАНАТ

Окумуштуу катчы: Абдирайимова Н.А.